DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

НАУКА, НОВЫЕ ТЕХНОЛОГИИ И ИННОВАЦИИ КЫРГЫЗСТАНА, № 12, 2019

*Калбаев Б.А.*

# ЖАШЫ ЖЕТЕ ЭЛЕКТИН УКУКТУК АБАЛЫН АНЫКТАГАН НЕГИЗГИ ПРИНЦИПТЕР

*Калбаев Б.А.*

# ОСНОВНЫЕ ПРИНЦИПЫ ОПРЕДЕЛЯЮЩИЕ ПРАВОВОЕ ПОЛОЖЕНИЕ НЕСОВЕРШЕННОЛЕТНЕГО

*B.A. Kalbaev*

# BASIC PRINCIPLES DETERMINING THE LEGAL STATUS OF THE MINOR

*УДК: 343. 627*

*Беренеде жашы жете электердин укуктук абалын аныктаган жана аларга тиешелүү негизги принциптерди аныктаган маселелер каралып чыккан. Автор каралып жаткан маселеге тиешелүү материалдардын контент-талдоосун өткөрүп, ошондой эле Кыргызстандын жана Казакстандын Конституцияларынын изилдөөгө тиешелүү болгон ченемдеринин салыштырмалуу-укуктук талдоосун жүргүзгөн. Жашы жете электердин укуктары ар түрдүү түзүлүшөрү көрсөтүлүп, бирок ошону менен бирге көпчүлүк учурда бул категориядагы адамдардын укуктары эл аралык мыйзамдарды эске алуу менен классификацияланышы көрсөтүлөт. Жүргүзүлгөн талдоонун негизинде жашы жете электердин укуктук абалын эң туура аныктап белгилечү негизги принциптерин бөлүп кою сунушталат. Бул принциптерге автор тарабынан төмөнкүлөрдү кошуу негизделет: теңдик принциби (мыйзам жана соттун алдында теңдик; жашы жете электердин укуктарынын жана эркиндиктеринин жынысына, расасына, тилине, этникалык таандыктыгына, ишенимдерине, мүлктүк жана башка абалына, жана башка жагдайларга карабастан теңдиги), балдардын эң жакшы кызыкчылыктарынын камсыз кылуу принциби.*

***Негизги сөздөр:*** *укук, эркиндик, укуктук абал, жашы жете элек, принциптер, статус, кепилдик, механизми, мыйзамдар, камсыз кылуу.*

*В статье рассмотрены вопросы, касающиеся основных принципов, которые определяют правовое положение несовершеннолетних лиц. Автором проведен контент-анализ имеющихся материалов, а также проведен сравнительно-правовой анализ норм Конституций Кыргызстана и Казахстана касающиеся рассматриваемого вопроса. Указывается, что права несовершеннолетних структурируются по различному, но в большей части все же конституционные права данной категории лиц классифицируются с учетом их международной составляющей. На основе проведенного анализа предлагается выделить основные принципы, которые наиболее верно определяют правовой статус несовершеннолетних. К таким принципам автором предлагается отнести: принцип равноправия (равенство перед законом и судом; равенство прав и свобод несовершеннолетнего вне зависимости от пола, расы, языка, этнической принадлежности, убеждений, имущественного и иного положения, а также других обстоятельств), принцип обеспечения наилучших интересов ребенка*

***Ключевые слова:*** *права, свободы, правовое положение, несовершеннолетний, принципы, статус, гарантии, механизм, законодательство, обеспечение.*

*The article discusses issues related to the basic principles that determine the legal status of minors. The author conducted a content analysis of the available materials, as well as a comparative legal analysis of the norms of the Constitutions of Kyrgyzstan and Kazakhstan regarding the issue under consideration. It is indicated that the rights of minors are structured in different ways, but for the most part, the constitutional rights of this category of persons are classified according to their international component. Based on the analysis, it is proposed to identify the main principles that most correctly determine the legal status of minors. The author proposes to include such principles: the principle of equality (equality before the law and the court; equality of the rights and freedoms of a minor, regardless of gender, race, language, ethnicity, belief, property and other situation, as well as other circumstances), the principle of ensuring the best interests child*

***Key words:*** *rights, freedoms, legal status, minor, principles, status, guarantees, mechanism, legislation, provision.*

«...Индивидуалдык укуктук статустун бар болуусунан баш тартуу логикага жооп бербейт, анткени ар бир адам коомдо алдын ала аныкталган өзүнүн «укуктук ордуна» ээ. Ал орун жалпы жана атайын статустан айырмаланып, түз мыйзам чыгаруучулук бекитүү менен эмес, конкреттүү индивиддин атайын укуктук статусун «жүктөө» менен түзүлөт. Ошондуктан индивидуалдык укуктук статустун мүнөздүү белгиси – бул анын экинчи орунда болуусу, түздөн түз формалдуулук белгисинин жоктугу» деген О.В. Садинанын мындай пикири менен макул болуу зарыл [1, 78-б.]. Ошол себептен белгиленген укуктук статустун түрлөрү,

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



тактап айтканда: жалпы, түрдүк жана индивидуалдык типтери, бири бири менен жалпы, өзгөчө жана бирдиктүү түрдө тыгыз байланышта. Бул ыкманын жыйынтыгында, жашы жетелектин укуктук абалын изилдөөдө коюлган маселелердин алкагында карап кетебиз.

Кыргызстандын, Казахстандын жана Россиянын Конституцияларында жашы жете электердин укуктарын түз түрдө бекиткен нормалары жок, башкача айтканда алардын түрдүк статусун аныктабайт, бардык адамдарга жайылган инсандын укуктарынын жана эркиндиктеринин системасын аныктайт. Ошого байланыштуу, Б.С. Эбзеев тарабынан мындай деп айтылат: «... Конституция жалгыз гана принципиалдык жоболорду гана бекитет. Ал коомдун уюшулуусунун негизги экономикалык, саясий, социалдык багыттарын моделдейт, жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин, мамлекеттин ишмердүүлүгүнүн уюштуруучулук жана функционалдык принциптерин аныктайт. Алардын аткарылуусу башка мыйзамдарда – конституциялык жана жөнөкөй – конституциялык нормалардын трансформациялануусуна муктаж» [2, 10-11-бб.].

Биздин көз карашыбыз боюнча, конституциялык укуктук нормалардын атайын белгилери алгач тийиштүү тармактык таандык менен шартталгандыгы негизделген. Мисалы, түрдүү булактар көрсөткөндөй мындай атайын белгилерге буларды киргизсе болот: *биринчиден,* алардын жөнгө салынуусуна багытталган коомдук мүнөздү орун алган мүнөзүнөн көз каранды болгон алардын мазмунунун өзгөчөлүгү. Бирок бул учурда кээ авторлордун бул ыкма менен макул эместигин белгилеп кетпесе болбойт. Алардын бири И.Е. Борисов мындай деп жазат: «...конституциялык укуктук статустун катталуусун камсыз кылуу менен изилденип жаткан нормалар өзгөчө мазмунга жана түзүмгө ээ болот: көп учурда буларга гипотеза жана диспозиция кирет, ал эми көрсөтмөлөрдү аткаруу укуктун башка тармактарынын санкцияларынын зарылчылыгы менен камсыз болот» [3, 97-б.]. Ошол эле учурда авторлордун башка тобу, алардын ичинен С.А. Авакьян мындай деп белгилейт, бар болгон укуктун тармактары өз алдынча, башкача айтканда жеке каражаттары менен санкцияларды жана жоопкерчиликтин чараларын камтуу менен өздөрүнүн нормаларынын ишке ашырылуусун камсыз кылуусу керек, анткени алар ошол тармактын ажырагыс белгилери болуп саналат [4, 9-б.]. *Экинчиден,* укуктун нормаларынын түрлөрүнүн өзгөчөлүгү каралып жаткан конституциялык укуктук нормалардын басымдуу бөлүгү жалпы жөнгө салуучу мүнөзгө ээ болгондугунда. *Үчүнчүдөн,* изилденип жаткан конституциялык укуктук нормалардын ишке ашуу механизминин өзгөчөлүгү алардын басымдуу көпчүлүгү жашы жете электердин укуктук статусун бекитүү менен конкреттүү укуктук мамилелерди жөнгө салбай, анын ичинде укуктук абал менен байланышкан жалпы мүнөздөгү мамилелер менен иш жүргүзөт (бул жерде үй-бүлөлүк абал, жарандык жана башка тууралуу кеп болот). *Төртүнчүдөн,* жашы жетелектердин укуктук статусун аныктаган конституциялык укуктук жоболордун ичинен бекитүүчү жана милдеттөөчү нормалар менен салыштырганда укук берүүчү нормалардын приоритети байкалат. Юридикалык адабияттардын талдануусу ошондой эле авторлор тарабынан жашы жетелектердин укуктары түрдүүчө түзүмдөлгөндүгүн көрсөтөт.

Кээ бир авторлор алардын конституциялык укуктарын эл аралык мазмунун эске алуу менен классификациялоону максатка ылайыктуу деп эсептешет [5; 6; 7]. Ошондуктан бул ыкмага ылайык, жашы жете электердин укуктары мындай негизги *алты* топко бөлүнгөн:

1) жашоого, аты жөнүнө, башка укуктарын аткарууга болгон теңдикке болгон укук;

2) үй бүлөлүк ийгиликтүүлүккө болгон укук;

3) инсандын эркин өнүгүүсүнө болгон укук;

4) билим алууга болгон укук;

5) эс алууга болгон укук;

6) жашы жете электердин экономикалык чөйрөдөгү укугу [5; 6; 7; 8].

И.Е. Борисова жашы жете электердин укуктук абалын жөнгө салган конституциялык нормаларды мындай позиция менен жетектелип *үч* топко бөлөт:

1) жашы жете электердин укуктарын жана кызыкчылыктарын түздөн түз коргоого байланышы бар Конституциянын жоболорун камтыган нормалар;

2) түздөн түз балдар тууралуу жоболорду камтыган нормалар;

3) жашы жете электердин укуктук абалын аныктоого түздөн түз мамилеси бар адамдын жана жарандын укуктарын, эркиндиктерин жөнгө салган нормалар [3].

Классификациянын мындай варианты төмөнкү себептер менен негиздүү болуп саналат: биринчи тобу конституциялык түзүмдүн негиздерине тиешелүү болгон базистик жоболорун камтып, КМШ өлкөлөрүнүн Конституциясына ылайык адамдын укуктары жана эркиндиктери жаш курагынан көз каранды эң жогорку баалуулук болуп саналып, мамлекет тарабынан корголуусун кепилдейт. Мындан сырткары, жоболордо анын ичинде социалдык чөйрөдө балдардын мамлекеттик колдоонун камсыз кылуу механизми

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



ачыкталат. Экинчи тобу – мамлекет тарабынан балдарды коргоо жана камсыздандырууга тиешелүү болгон жоболор түздөн түз бекитилген конституциялык нормалар орун алган. Үчүнчү тобу, О.Е. Кутафин жана Е.И. Козлова туура белгилегендей «...адамдын коомдо жана мамлекеттеги абалын, алардын өз ара байланышынын принциптерин аныктаган маңыздуу жана баштапкы багыттарын чагылдырат» [9, 137-б.].

Албетте, жашы жете электердин укуктук абалы үчүн маанилүү болуп жалпысынан инсандын конституциялык статусунун бөлүгү болгон каралып жаткан мамлекеттердин Конституцияларында чагылдырылган принциптер эсептелет. Бирок, ошону менен биргеликте, жалпысынан инсандын укуктук абалын мүнөздөгөн принциптердин тизмеси боюнча бирдиктүү ыкма жок.

Бирок белгиленген принциптердин тизмеси боюнча талаш маселеге кирбей туруп, аларды инсандын укуктук статусунун курамына киргизүү зарылчылыгы окумуштуулардын арасынан эң көп колдоого ээ болгондугун белгилеп кетүү зарыл. Бул болсо принциптердин контституциялык бекитилүүсү мазмунун аныктап, инсандын конституциялык статусунун толуктугун камсыз кылгандыгы менен шартталат. Биз көтөргөн суроого байланыштуу жалпысынан КМШ өлкөлөрүнө мүнөздүү болгон жашы жетелектердин укуктук абалын бекитткен жалпыга таанымал принциптерди белгилеп кетүү максатка ылайыктуу болуп саналат.

Бир катар булактарга, жана ошондой эле конституционалист окумуштуулардын эмгектерине таянып адамдардын каралып жаткан категориясынын укуктук абалын аныктаган принциптерди аныктоону негиздүү деп эсептейбиз.

Белгиленген принциптердин ичинен биринчи даражадагы мааниге Конституциянын нормаларында бекитилген теңдиң принциби эсептелет. Аларда формалдык юридикалык теңдик аныкталып, албетте жашы жете электерди да өзүнө камтыйт. Бул учурда, каралып жаткан принциптин эки курамдуу түргө бөлүнүүсү логикалык жактан туура болгондугу тууралуу көз карашты колдойбуз: а) мыйзам жана соттун алдында теңдик; б) жашы жетелектердин укуктарынын жана эркиндиктеринин жынысына, расасына, тилине, этникалык таандыктыгына, ишенимдерине, мүлктүк жана башка абалына, жана башка жагдайларга карабастан теңдиги. Кыргызстандын Конституциясында (КР Конституциясынын 16-беренесинин 5-бөлүгү) мисалыга түздөн түз бекитилген «баланын эң жакшы кызыкчылыктарын камсыз кылуу принциби» маанилүү болуп эсептелет [10].

Мыйзам чыгаруучу тарабынан белгиленген принцип БУУнун балдардын укуктары жөнүндө Конвенцияга негизделпи, анын 3-беренесинде «балдарга тиешелүү бардык суроолорду чечүүдө балдардын кызыкчылыктарынын приоритетинин принциби бекитилген, башкача айтканда балдардын эң жакшы кызыкчылыктарынын камсыз кылуусу аныкталган» [11].

Бул принциптин аталышынан жалпысынан мамлекеттин жана коомдун керектөөсүнүн алдында биринчи кезекте конституциялык мамилелердин системасында өзгөчө орунга ээ болгон жашы жете электердин кызыкчылыктарынын камсыз кылынуусу турат.

Ошого байланыштуу мындай көз караш негиздүү деп эсептелет: «... өлкөлөрдүн азыр жазык процессинде ювеналдык юстиция күчүнө кирип, процессуалдык абалынан көз каранды бардык жашы жете электердин активдүү соттук корголуусу байкалууда (алар, анын ичинде шектелүүчү, айыпталуучу, соттолуучу, соттолгон, жабырлануучу, күбө боло алат). Өзгөчө коргоо режими адамдардын бул категориясы үчүн түз коргоо менен мүнөздөлөт, мисалы, жаш курагына байланыштуу, жана ошондой эле кээ бир жашы жете электер үчүн кепилденген атайын кошумча укуктук коргоо түрү менен» [6, 193-201-бб.].

Башка принцип жашы жете электердин укуктарын жана эркиндиктерин камсыз кылуунун кепилдиги менен түздөн түз байланышкан. Конституциянын нормаларына ылайык, мамлекет адамдардын жана жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин жаш курагына карабастан кепилдейт. Бул мамлекеттин өзүнө түздөн-түз жашы жете электердин укуктарынын жана эркиндиктеринин таанылуусун, сакталуусун жана корголуусу алгандыгын камсыздайт [7, 96-99-бб.]. Конституциянын атайын нормалары маанилүү жана кепилдик берүүчү болуп саналат, мисалы, КР Конституциясынын 60-беренесинин 2-бөлүгүнө ылайык «...Президент элдин жана мамлекеттик бийликтин бирдиктүүлүгүнүн белгиси болуп саналат» [10]. КРнын Конституциясынын 40-беренесинин 2-бөлүгүндө «Республиканын Президенти – элдин жана мамлекеттик бийликтин биримдүүлүгүнүн, Конституциянын, адамдын жана жарандык укуктарынын жана эркиндиктеринин бузулбастыгынын символу жана кепили» [12]. Андан сырткары, мисалы, КРнын Конституциясынын 88-беренесине ылайык Өкмөткө Конституциянын жана мыйзамдардын аткарылуусун камсыз кылгандан сырткары жарандардын укуктарын жана эркиндиктерин, мыйзамдуулукту камсыз кылуу боюнча чараларды аткаруу милдети жүктөлгөн, бул жашы жете электерди да өзүнө албетте камтыйт [10].

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



Ошону менен биргеликте, булактарда мындай көрсөтүлгөндүгүнө көңүл бөлбөй коюу мүмкүн эмес: «... КМШ өлкөлөрүнүн жазык процесстик мыйзам чыгаруучулугу жашы жете электерге процессуалдык мажбурлоо чараларын колдонуу боюнча шарттарды жөнгө салат. Бирок, бул дайыма теоретиктердин жана практиктердин ортосундагы негизделген талаш маселелерди жаратат. Жана бул эл аралык укуктук актыларды эске алуу менен атайын талаптар өспүрүмдөр үчүн мыйзамчыгаруучу менен бекитилгендигине карабастан, анын андагы конституциялык жана эл аралык принциптерге дал келбөөсү менен байланышкан» [13, 43-53-бб.].

Инсандын укуктарынын приоритетинен кээ бир булактарда «укуктардын жана эркиндиктердин бөлүнгүстүгү принцибин белгилеп кетүү зарылдыгы эскертилет. Көрсөтүлгөн принпипке ылайык, КМШ өлкөлөрүндө Конституциянын мындай нормалары каралган: *биринчиден,* «адамдын жана жарандын укуктарын жана эркиндиктерин чектеген мыйзам астындагы ченемдик актылардын кабыл алынуусуна тыюу салынат»; *экинчиден,* инсандын укуктарын жана эркиндиктерин жокко чыгарган жана кемсинткен мыйзамдар кабыл алынбашы керек (КР Конституциясынын 20-беренесинин 1-бөлүгү); *үчүнчүдөн* башка максаттарда жана Конституцияда көрсөтүлгөндөн сырткары көп даражада укуктар жана эркиндиктер чектелиши мүмкүн эмес (КР Конституциясынын 20-беренесинин 3-бөлүгү), *төртүнчүдөн,* жаран мыйзам чыгаруучулук менен таандыгы бекитилген жарандыгына айрылбайт (КР Конституциянын 50-беренесинин 2-бөлүгү) [10].

Жашы жете электин укуктук субъективдүүлүгүнөн көрсөтүлгөн принцип абсолюттук мүнөзгө ээ болуусу мүмкүн эмес, бирок анын максатынын өзгөчөлүгү укуктарды чектөө эмес, алгач мындай субъектинин өзгөчө корголуучу жана бул учурда кеп жашы жете электин адептүүлүгүн жана саламаттыгын коргоо тууралуу болот.

Биздин көз карашыбыз боюнча, анын катарына төмөнкүлөр кирген «жашы жетелек инсандыгы жана жашоосунун чөйрөлөрүнүн кол тийбестиги» принцибин таануу негиздүү болуп саналат: жеке жашоонун кол тийбестиги, жашоо жайынын жана менчигинин кол тийбестиги, физикалык, адептик жана психологиялык кол тийбестик жана башкалар.

Биз жашы жете электин укук субъективдүүлүгүнө байланыштуу бул учурда анын укуктарына жана эркиндиктерине жана мындай укуктук түшүнүктүн мазмунуна бөлүү басымдуу болуусуна негизделдик. Ага бул чөйрөнү тармактык мыйзам чыгаруучулук жөнгө салуу гана эмес, ошондой эле жалпысынан укуктук системанын түзүмдүү бөлүгү болгон эл аралык укуктун нормалары да таасирин тийгизет.

Жашы жете электердин укуктарынын жана эркиндиктеринин күчүнүн түздөн-түз болгондугунун принцибине да өзгөчө маани берилет. Жоболордун түздөн-түз талкуулоосуна байланыштуу, КР Конституциясынын 16-беренесинде [10] бекитилген укуктар жана эркиндиктер аларга күч берүү үчүн кошумча башка ченемдик-укуктук актыларда камтылуучу талап кылынбагандыгы жөнгө салынган.

Бирок укук колдонуучулук практиканын талдануучу соттук корпустун басымдуу бөлүгү тарабынан атайын ченемдик документтерге берилүүсү колдоого алынып, бул конституциялык принциптин ишке ашуусуна негативдүү таасирин тийгизет. Ошондуктан, конституциялык жоболорду ачыктоо үчүн укуктун түрдүү тармактарынын нормаларынын өз ара байланышынын каралуусусуз мүмкүн эмес.

Жашы жете электин статусунун эл аралык укуктун нормаларында чагылдырылган талаптарга жана стандарттарга туура келүү принцибини» маанилүүлөрдүн катарына кирет. Эл аралык укуктун нормаларынын жана жалпыга таанымал принциптеринин, жана ошондой эле келишимдердин приоритетинин мыйзам чыгаруучулук деңгээлде таанылуусу КМШ өлкөлөрүнүн эл аралык коомчулукка интеграциялануусу үчүн өзгөчө мааниге ээ.

Эл аралык нормалардын таанылуусу жана кыргыз укуктук системасына киргизилүүсү жашы жете электердин укуктарынын жана эркиндиктеринин юридикалык корголуу мүмкүнчүлүктөрүнүн кеңейүүсүнө алып келет. Соттук жана укук коргоо органдарына кайрылууда, жана ошондой эле жашы жете электердин укуктарын жана кызыкчылыктарын коргоодо, анын өкүлдөрү көрсөтүлгөн укуктук нормаларга кайрылса болот.

Андан сырткары, мындай пикирге басым жасоосу зарыл: «... бир катар жоболордун жөнгө салынгандыгына карабастан, жашы жетелектерге болгон иштеп жаткан жазык сот өндүрүшүнүн тартиби бир катар маселелерди жаратат. Кээ бир көйгөйлүү аспектилери четке кагылуусу мүмкүн эмес, анткени ЖПКда мыйзам чыгаруучу тарабынан адамдардын бул категориясынын укуктарын жана эркиндиктерин коргоону камсыз кылган конституциялык кепилдиктердин бир катары бекитилген» [13, 43-53-бб.].

Ошентип, Конституция инсан менен мамлекеттин ортосундагы мамилелердин жөнгө салынуусунун баштапкы чегин гана аныктап, жашы жете электин укуктук статусун аныктаган атайын принциптердин

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557



бекитилүүсүн белгилеп кетебиз. Жашы жете элек менен мамлекеттин ортосундагы орун алган өзгөчө коомдук мамилелерди эске алуу менен атайын укуктук нормаларды комплекси менен укуктук институтту түзүү үчүн жетектөөчү жобо болуп эсептелет. Ал эми бардык органдар жана башка субъектилер үчүн милдеттүү болгон Конституция социалдык мааниде коомдун алсыз катмары болгон жашы жете электердин укуктарынын жана эркиндиктеринин камсыздалуусун жана корголуусун кепилдеген нормалардын жыйындысын камтуусу керек жана бул үчүн ал конституциялык укуктун атайын субъектиси катары каралуусу милдеттүү.

**Адабияттар:**


1. Садина О.В. Правовой статус несовершеннолетнего в Российском законодательстве: теоретико-правовой анализ: дисс. ... канд. юрид. наук: 12.00.01 - Саранск, 2009. - 205-б.
2. Эбзеев Б.С. Конституция Российской Федерации: прямое действие и условия реализации // «Государство и право» журналы. - 2008. - №7. - 9-12-бб.
3. Борисова Н.Е. Конституционные основы правового положения несовершеннолетних в Российской Федерации (Проблемы теории и практики): дисс. ... канд. юрид. наук: 12.00.02. - Москва, 2004. - 379 б.
4. Авакьян С.А. Актуальные проблемы конституционно-правовой ответственности // Конституционно-правовая ответственность: проблемы России, опыт зарубежных стран / Под ред. проф. С.А. Авакьяна. - М.: МГУ, 2001. - 197 б.
5. Исаева К.А., Абдукаримова Н.Э., Воронцова И.Н. К вопросу об отдельных тенденциях и реформирования уголовно-процессуального законодательства в странах СНГ. // «Полицейская и следственная деятельность» журналы. 2018. - №2. - 9-15-бб. [Электрондук ресурс]. - Кирүү режими: // https://www.nbpublish.com/library_read_article.php?id=26774
6. Исаева К.А., Жээналиева А.Ж., Камалова Л.Н. Современные тенденции развития ювенальной юстиции в Кыргызстане // «Актуальные проблемы российского права» журналы. - 2018. - №5 (90). - 193-201-бб. [Электрондук ресурс]. - Кирүү режими: https://elibrary.ru/download/elibrary_35214010_73442971.pdf
7. Umirkulov A.G. Novels of the New Criminal and Criminal-Executive Codes of the Kyrgyz Republic Regulating the Legal Status of the Conditioned Minors // «Известия ВУЗов Кыргызстана» журналы. - 2018. - №7. - 96-99-бб.. [Электрондук ресурс]. - Кирүү режими: https://www.elibrary.ru/download/elibrary_38556868_91235330.pdf
8. Бутько О.В. Правовой статус ребёнка в Российской Федерации: Окуу куралы. - Краснодар, 2002. - 235 б.
9. Козлова Е.И., Кутафин О.Е. Конституционное право России: окуу китеп. - М.: Юристь, 2002. - 315 б.
10. Кыргыз Республикасынын Конституциясы 2010-жылдын 27-июнунда Референдумда (бүткүл элдик добуш берүүдө) кабыл алынды (КР 2010-жылдын 27-июнундагы Мыйзамы менен колдонууга киргизилди) // [Электрондук ресурс]. - Кирүү режими: // http://cbd.minjust.gov.kg/act/view/ru-ru/202913/20?cl=ky-kg&mode=tekst
11. Баланын укуктары жөнүндө Конвенция / 1989 жылы 20 ноябрда 44/25 Генералдык Ассамблеянын резолюциясы менен кабыл алынган [Электрондук ресурс]. - Кирүү режими: // http://www.un.org/ru/
12. Казах Республикасынын Конституциясы 1995-жылдын 30-августунда Референдумда кабыл алынды (1995-жылдын 5-сентябырында күчүнө киргизилди) // [Электрондук ресурс]. - Кирүү режими: http://constitution.kz
13. Исаева К.А., Каженова А.С. Актуальные проблемы защиты прав и интересов несовершеннолетнего в контексте реформирование УПК в отдельных странах СНГ // «Полицейская деятельность» журналы. - 2019. - 1. - 43-53-бб. [Электрондук ресурс]. - Кирүү режими: https: // www.nbpublish.com/library_read_article.php?id=26884